Чолпон-Ата шаардык кеңешинин XXX чакырылышынын
кезектеги XXIV сессиясы

ТОКТОМ

02.05.2023. №30/24-8 Чолпон-Ата шаары

**Чолпон-Ата шаарынын жергиликтүү бюджетинен шаарыбыздын пенсионерлерин, мүмкүнчүлүгү чектелүү жарандардын жана аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдү социалдык жактан колдоо максатында берилүүчү бир жолку материалдык жардамдарды берүүнүн Жобосун бекитүү жөнүндө**

“Кыргыз Республикасындагы калкты социалдык жактан тейлөөнүн негиздери жөнүндө” мыйзамынын 6, 11, 16,21-беренелерине, “Ден соолугу чектелүү адамдардын укуктары жөнүндө мыйзамынын 14-беренесине ылайык, Чолпон-Ата шаарынын жергиликтүү бюджетинен шаарыбыздын пенсионерлерин, мүмкүнчүлүгү чектелүү жарандарын жана аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдү социалдык жактан колдоо максатында Чолпон-Ата шаардык кеңеши маселени карап чыгып, талкуулап

**Токтом кылат:**

1. Чолпон-Ата шаарынын жергиликтүү бюджетинен шаарыбыздын пенсионерлерин, мүмкүнчүлүгү чектелүү жарандарын жана аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдү социалдык жактан колдоо максатында берилүүчү бир жолку материалдык жардамдарды берүүнүн тартиби жөнүндө Жобосу тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Чолпон-Ата шаардык мэриясы Жобого ылайык иш алып барсын.
3.Токтом мыйзамда каралган тартипте катталсын жана жана жалпыга маалымдоо каражаттарына жарыялансын.
4.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Чолпон-Ата шаардык кеңешинин «Бюджет жана финансы, экономика жана инвестицияларды тартуу» жана “Социалдык маселелер, билим берүү, маданият, спорт жана саламаттыкты сактоо боюнча» туруктуу комиссияларына тапшырылсын.

**Төрага Б.Бакиров**

Чолпон-Ата шаардык Кеңешинин
2023-жылдын 2-майындагы
кезектеги XXIV сессиясынын
№ 30/24-8 токтомунун тиркемеси

**Чолпон-Ата шаарынын жергиликтүү бюджетинен шаарыбыздын пенсионерлерин, мүмкүнчүлүгү чектелүү жарандарын жана аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдү социалдык жактан колдоо максатында берилүүчү бир жолку материалдык жардамдарды берүүнүн тартиби жөнүндө**
**ЖОБО**

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Ушул Жобо “Ден соолугу чектелүү адамдардын укуктары жөнүндө”, “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жөлөк пулдар жөнүндө” Мыйзамдарына ылайык иштелип чыккан.
1.2. Жобо Чолпон-Ата шаарынын аймагында жашаган,туруктуу каттоодо турган пенсионерлерге, ден соолугу чектелүү адамдарга жана аз камсыз болгон үй бүлөлөргө социалдык жактан колдоо көрсөтүү максатында материалдык жардам көрсөтүүнүн тартибин аныктайт.
1.3. Пенсионерлерге, ден соолугу чектелүү адамдарга жана аз камсыз болгон үй бүлөлөргө социалдык жактан колдоо көрсөтүү жергиликтүү бюджеттин “Социалдык коргоо” бөлүгү боюнча ишке ашырылат.
1.4. Социалдык жардамды көрсөтүү жарандын өздүк эсебине (жаран акча каржатын өзү алууга мүмкүнчүлүгү жок болгон учурда накталай) которуу жолу менен жүргүзүлөт.

## 2. Бир жолку материалдык жардамды алуу үчүн кайрылуунун тартиби

2.1. Чолпон-Ата шаарында туруктуу каттосу бар жаран муктаждыгына жараша натуралдык түрдө (көмүр, тамак-аш продуктылары ж.б) же акчалай түрүндө жергиликтүү бюджеттин эсебинен жылына бир жолу гана бир түрүнөн материалдык жардам ала алат.
2.2. Бир жолку материалдык жардам алуу үчүн Чолпон-Ата шаарында туруктуу каттоосу бар жаран, Чолпон-Ата шаарынын мэриясына өз арызы менен кайрылат.
2.3. Чолпон-Ата шаардык мэриясында Чолпон-Ата шаарында туруктуу каттоосу бар жарандын жергиликтүү бюджеттин эсебинен материалдык жардам алуусун кароо боюнча атайын комиссия (мындан ары комиссия) түзүлөт. Комиссиянын мүчөлүгүнө Чолпон-Ата шаардык кеңешинин депутаттары, Чолпон-Ата шаардык мэриясынын социалдык коргоо боюнча адистери, кварталдык комитеттин төрагалары жана коомдук уюмдардын мүчөлөрү кирет.
2.4. Чолпон-Ата шаарынын мэриясына өз арызы менен кайрылган жаранга социалдык кызматкерлери тарабынан турак-жай тиричилик шарттарына изилдөө актысы толтурулат. Толтурулган изилдөө актысынын негизинде социалдык кызматкерлери тарабынан комиссиянын кароосуна коюлат.

## 3. Бир жолку материалдык жардамды алууга укугу бар жарандар

3.1. Пенсиянын өлчөмү 5000(беш миң) сомдон ашпаган жалгыз бой, кароосу жок пенсионерлер;
3.2. Бир үй бүлөдө 1-2-топтогу ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү жарандар болсо;
3.3. Жардамга өтө муктаж болгон көп балалуу аз камсыз болгон үй бүлөөлөргө, эгерде үй бүлөнүн жалпы кирешеси кепилденген эң төмөнкү кирешеден ашпаган болсо;
3.4. Баккан адамынан ажыраган өспүрүм балдар, жарым жана томолой жетимдер пенсиялык камсыздоого укугу жок болгон кезде;
3.5. ВИЧ-СПИД илдетине кабылган жарандар, бөйрөк оорусу менен жабыркап, гемодиализ алууга муктаж жарандар;
3.6. Күтүлбөгөн кырсыкка кабылган жарандар (автокырсыктан улам жабыркаган, турак-жайы өрт кырсыгына кабылган жарандар жана башка ушул сыяктуу);
3.7. Үч эм төрөлгөн үй бүлөлөргө бир жолу 15(он беш миң) сом өлчөмүндө, эгерде мындай үй бүлөлөр балдар төрөлгөндөн кийин алты айлык мөөнөттөн кечикпей кайрылган болсо.

## 4. Бир жолку материалдык жардамды алуу үчүн зарыл болгон документтер

4.1. 3.1.,3.4

- жеке инсандагын ырастоочу документ (Чолпон-Ата шаарында туруктуу катоосу бар гана жарандар);
- тийиштүү мекемеден пенсиянын өлчөмүн көрсөткөн маалымкат;
-арызданууучунун турак-жай тиричилик шарттарына социалдык кызматкерлеринин изилдөө актысы;
- операция болгондугун, даарылангандыгын, кымбат баалуу дары-дармекке такай көз каранды болгондугун тастыктаган медициналык мекеменин же дарыгердин аныктамасы.

4.2. 3.2., 3.5.

- жеке инсандыгын ырастоочу документ (Чолпон-Ата шаарында туруктуу катоосу бар гана жарандар);
- майыптыгын көрсөткөн МСЭКтин аныктамасы;
- арызданууучунун турак-жай тиричилик шарттарына социалдык кызматкерлеринин изилдөө актысы;
- операция болгондугун, дарылангандыгын, кымбат баалуу дары-дармекке такай көз каранды болгондугун тастыктаган медициналык мекеменин же дарыгердин аныктамасы.

4.3. 3.3., 3.6.

- жеке инсандыгын ырастоочу документ (Чолпон-Ата шаарында туруктуу каттоосу бар гана жарандар);
- үй бүлөнүн жыйынды кирешелери жөнүндө маалымкат;
- калкты ишке орноштуруу органдарынан маалымкат;

- арызdануучунун турак-жай тиричилик шарттарына социалдык кызматкерлеринин изилдөө актысы;
- операция болгондугун, дарылангандыгын, кымбат баалуу дары-дармекке такай көз каранды болгондугун тастыктаган медициналык мекеменин же дарыгердин аныктамасы.

4.4. 3.4.

- жеке инсандыгын ырастоочу документ (Чолпон-Ата шаарында туруктуу каттоосу бар гана жарандар);
- үй бүлөнүн жыйынды кирешелери жөнүндө маалымкат;
- көзөмөлчүлүк (камкорчулук) жөнүндө чечим;
- окутуунун күндүзгү формасында окуп жаткандыгы жөнүндө маалымкат;
- ата-энесинин каза болгондугун тастыктоочу күбөлүк;
- арызdануучунун турак-жай тиричилик шарттарына социалдык кызматкерлеринин изилдөө актысы;
- операция болгондугун, дарылангандыгын, кымбат баалуу дары-дармекке такай көз каранды болгондугун тастыктаган медициналык мекеменин же дарыгердин аныктамасы.

4.5. 3.7.

- жеке инсандагын ырастоочу документ (Чолпон-Ата шаарында туруктуу каттоосу бар гана жарандар);
- балдардын туулгандыгы тууралу күбөлүгү.

## 5. Бир жолку материалдык жардамды алууга укугу жок жарандар

5.1. Чолпон-Ата шаарында туруктуу катоосу жок жарандар;

5.2. Турмуш шарты жакшы, канагаттандыраарлык деп эсептелинген (турак-жай тиричилик шарттарын социалдык кызматкерлердин изилдөө актысынын негизинде) жарандар;

5.3. Аталган жобонун 4-пунктуна ылайык муктаж экендигин тастыктоочу документтери жок жарандар.

## 6. Бир жолку материалдык жардамдын өлчөмүн дайындоо жана төлөө тартиби

6.1. Бир жолку материалдык жардам Чолпон-Ата шаарынын мэринин буйругунун негизинде элүү эсептик көрсөткүч өлчөмүнө чейин, Чолпон-Ата шаардык мэриясынын жергиликтүү бюджетинин “Социалдык коргоо” бөлүгү боюнча ишке ашырылат.

6.2. Айрым учурларда комиссиянын чечими менен бир жолку материалдык жардамдын түрлөрү Чолпон-Ата шаарынын мэри тарабынан жүз эсептик көрсөткүч өлчөмүнө чейин белгилениши мүмкүн.